КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

2026-жылдын 9-апрели **№20** **Салам-Алик айылы**

Салам-Алик айылынын тургуну Тойчиева Кенжекандын 0,08 га жеке менчик турак-жай участкасын максаттык багытын коммерсиялык багытка өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Салам-Алик айылынын тургуну Тойчиева Кенжекандын жеке менчик турак-жай участкасындагы 0,08га жер тилкесинин максаттык багытын өзгөртүүгө макулдук берүүгө Салам-Алик айылынын тургуну Тойчиева Кенжекан 2026-жылдын 06-апрелинде жазган арызын карап жана жалпы депутаттардын макулдугунун негизинде Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**.

1.Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Салам-Алик айылынын тургуну Тойчиева Кенжеканга “Кадастр” мамлекеттик мекемеси тарабынан 2019-жылдын 28-октябрь айында серия Ч № 890101-сандуу каттоосу менен берилген жеке турак жай багытындагы идент. коду № 5-06-16-1001-0287 номериндеги турак-жай үйүнүн 800м.кв. жер аянтынын багытын коммерсиялык багытка өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2.Суралсын Өзгөн районунун шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгынан тийиштүү документтерди даярдап берүү жагы.

3.Бул токтомдон келип чыккан иш аракеттердин аткарылышын камсыз кылуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер, турак жай, комуналдык менчиктери жана жерге жайгаштыруу боюнча боюнча башкы адиси Ж.Нуралиевке тапшырылсын.

4.Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин суу, мал чарба, жер, токой, экология, өнөр жай, курулуш, өзгөчө кырдаал, тоо кен, маалымат, транспорт, байланыш жана энергетика тармактары боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**